КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

"КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**06-февраль 2026-жыл № 9** **Совет айылы**

**Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу Каба, Кекилик айылынын Арсланбап жолдун боюнда сай жакта жайгашкан 42 (кырк эки) гектар жер тилкесин муниципалдык менчикке алуу жөнүндө**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 22.12.2025-жылдагы № 10-6/838 сандуу катындагы, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамы жана "Жер кодекси", "Муниципалдык менчик жөнүндө" мыйзамдарына ылайык, Жалал-Абад облустук Гипрозем мекемесинин корутундусун жана Түштүк аймактык жерге жерге жайгаштыруу кызматынын изилдөөсүн эске алып, айыл өкмөтүнүн сунушуна таянып, Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура курулуш транспорт жана экология, Айыл чабачылыгы жана муниципалдык менчик жерлерди натыйжалуу пайдалануу жана көрктөндүрүү иштери туруктуу комиссиясынын корутундусуна негиз, Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезектеги I-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл өкмөтүнүн Каба, Кекилик айылдарынын Арсланбап жолунун боюнда жайгашкан жалпы аянты 42 (кырк эки) гектар жер тилкесин муниципалдык менчикке кабыл алуу жагы жактырылсын.

2. Токтомдун мыйзамдуу аткарылышын, жер тилкесине тиешелүү документтерди мыйзам талаптарына ылайык тариздөө милдети Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко милдеттендирилсин.

3. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

4. Токтомду көзөмөлдөө жагы Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура курулуш транспорт жана экология, Айыл чабачылыгы жана муниципалдык менчик жерлердин натыйжалуу пайдалануу жана көрктөндүрүү иштери туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Э.О.Оморов**